**Изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Инабаткан Даминованын расмий оппоненттик**

**пикири**

Каралып жаткан диссертациянын темасы Кыргызстандын социалдык - маданий өнүгүшүнүн стратегиялары менен үндөш. Анткени, Кыргыз Республикасында курчап турган чөйрөнүн баалуулуктарын баалоо сактоо, коргоого тарбиялоо учурдагы мектептердин анын ичинде статустук мектептердин негизги милдеттеринин бири катары расмий документтерде белгиленген.

Алсак, Кыргыз Өкмөтүнүн 12-сентябрь 2011-жылдагы №541 токтомунун негизинде жаңы типтеги статустук мектептер (гимназия, кесиптик лицейлер) ачуу жөнүндө атайын токтом кабыл алынып, окутууну жаңы сапатка көтөрүү милдети коюлган жана ошол эле учурда жаратылышка карым-катнаш мамилелерин чечүү милдеттери коюлган.

Демек, кыргыз коомунда статустук мектептерде окуучу жаштардын табиятка карата изги сезимдерин, ыймандык керектөөлөрүн, бекем ынаным түшүнүктөрүн, көндүм менен билгичтикке айланган жүрүм-турумун калыптандыруу багытында олуттуу ой чабыт жасап, реалдуу педагогикалык иш чараларды жүзөгө ашыруу өтө зарыл жана актуалдуу маселе катары ортого чыгып олтурат.

Изилдөөдө статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессиндеги социалдык, илимий – теориялык өнүттөгү карама –каршылыктар негиздүү тариздеелген. Ушундан



КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 92 «10» 06 2024

улам Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коомдук жана илимий талаптардын чегиндеги актуалдуу изилдөө катары кароого болот.

Изилдөөнүн предмети жана максатына негизденип анын милдеттерин коюлган проблеманын рационалдуу аспектери менен байланышта аныктай алган.

Диссертациянын түзүлүшү коюлган максатка жана милдеттерге дал келип, алардын ырааттуу удаалаштыкта чечилиши көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, изилдөөнүн негизги тыянактарынан, корутундудан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттын жана иликтөөнүн милдеттеринин жүзөгө ашырылышын толук камсыздайт.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында изденүүчүнүн өзү тарабынан алынган натыйжалар.**

- статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздери системалаштырылды, «экологиялык компетенттүүлүк» окуучулардын инсандык көрсөткүчтөрүнүн бири катары катары аныкталган;
- статустук мектепттин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн түзүмдүк компоненттери (когнитивдик, мотивациялык, практикалык-ишмердик, эмоционалдык-эрктүүлүк), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана төмөнкү, ортоңку, жогорку деңгээлдери негизделип, айкындалган;
- статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттар, теориялык

модель иштелип чыкты жана натыйжалуулугу педагогогикалык экспериментте тастыкталган.

**3.Изилдөөгө алынган натыйжаларынын жаңылык дегээли.**

**Биринчи натыйжа салыштырмалуу жаңы** десек болот, анкени статустук мектептердин жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн калыптандыруунун илимий негиздери, маңызы, мазмуну педагогика илиминдеги жетишкендиктерге негизделген.

**Экинчи натыйжасы жаңы** деп кабыл алууга негиз бар. Анткени статустук мектептердин жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн калыптандыруунун модели түзүлүп, анын түзүмдүк компененттери: базалык компетенттүүлүктүн ( когнитивдик, керектелүүчү мотивациялык, практикалык иш аракеттик, эмоционалдык- эрктүүлүк) жана педагогикалык шарттары аныкталган.

**Үчүнчү натыйжа жаңы**, себеби статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, көрсөткүчтөрү жана ( төмөнкү, ортонку, жогорку) деңгээлдери илимий жактан аныкталып, автор тарабынан иштелип чыккан экологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруу модели жана педагогикалык шарттары калыптандыруучу эксперимент түрүндө тажрыйбага киргизилип, алардын натыйжалары эксперимент аркылуу тастыкталган.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**5.Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иштин практикалык мааниси жогору, себеби статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун шарттарын иштеп чыгуу менен аларды ишке ашыруунун жолдорун иштеп чыккан. Изилдөөнүн теориялык негиздерине таянуу менен эксперименталдык жактан текшерилген теориялык модель, педагогикалык шарттар статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруу үчүн ошол мектеп мугалимдерине сабак болуучу эрежелер, сунуштар иштелип чыккан. Бул ишти жалпы эле окуучулардын экологиялык компетенттерин калыптандырууда колдонууга болот.

6. **Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 11 макала жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектеринде изилдөөнүн бардык компоненттерине таандык натыйжалар камтылган. Айрыкча формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды камтыган макалалар басымдуулук кылат. Макалалардын дээрлик бардыгы Кыргыз Республикасынын УАКы сунуш кылган басылмаларда жарыяланган.

7. **Авторефераттын диссетациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевич тарабынан жазылган 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттери, негизги жоболору, келтирилген илимий шилтемелери жана ой пикирлери толугу менен дал келет. Авторефератта диссертациянын кыргыз, орус, англис

тилдериндеги резюмелери бирдей мазмунда берилген.Авторефераттын мазмуну, түзүлүшү авторефератка коюлган талапка толук жооп берет.

8. **Диссертациялык иште орун алган мүчүлүштүктөр.**

1. Биз диссертацияда изилдөөнүн базасын өзгөчө экологиялык компетенттүүлүк, статустук мектеп сыяктуу түшүнүктөрдү анализдөөгө өзгөчө маани берилгени орундуу. Бул жагдай изилдөөнүн илимий таанымдык баалуулугун арттырып турат. Ошону менен бирдикте алар коргоого коюлган жоболор менен корутундуда да жеткиликтүү орун тапса жакшы болоор эле деп эсептейбиз.
2. Диссертациянын текстинде кандидаттык диссертациянын струтктурасына коюлган талаптардан четтеп кеткен айрым жагдайлар учурайт. Алсак, диссертациянын биринчи главасында теориялык негиздемелер менен бирдикте окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун айрым методдорунун чагылдырылышы орунсуз болуп калган. Ал эми экинчи главада изилдөөнүн натыйжалары кандай методдор аркылуу алынган деген суроого жооп берилиши зарыл эле. Арийне, бул маселеге тиешелүү материалдар бар, бирок аларды жетишсиз деп эсептейбиз.
3. Теманын аталышы статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун бөтөнчө педагогикалык шарттары барбы? -деген суроону жаратпай койбойт. Биздин пикирибизде автор тарбынан айкындалган педагогикалык шарттарда салттуулук басымдуулук кылат. Ошону менен бирдикте бир дагы педагогикалык шарттын мазмунунда статустук мектептер термини учурабайт.
4. Диссертациянын текстинде айрым өзүн өзүн кайталоолор, стилдик мүчүлүштүктөр учурабайт.

Бирок, аталган кемчиликтер диссертациянын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт.

Изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевич 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика кафедрасынын доценти,**
**педагогика илимдеринин кандидаты** **Даминова Инабаткан**

**И.Даминованын кол тамгасын тастыктайм:**
**А. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы** **Кадыралиева А.Б.**